**Окурмандык сабаттуулук боюнча PISAга багытталган тест**

**7-КЛАСС**

***Берилген текстти окуп чыккыла.***

## Жаратылышты коргоо

Улуттун жана дүйнөлүк саясаттын ажырагыс бөлүгү экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу - маселе болуп калды. Кыргызстанда кийинки мезгилдерде сугат иштеринде суунун тартыштыгы олуттуу байкалып, өкмөт тамчылатып сугарууга өтөлү деген сунуштарын берип келет. Окумуштуулардын изилдөөсү: «Мөңгү - адамзаттын жашоо булагы» деп айткан сөздөрдүн калетсиз экендигин көрсөттү. Дарыялар мөңгүлөрдөн эриген суулардан башталат. Биздин тоолордон агып түшкөн көптөгөн дарыялар мөңгү сууларын Кыргызстандын гана эмес Казакстан менен Өзбекстандын ысык жана кургакчыл аймактарына жеткизет. Демек кыргыз мөңгүлөрү жалпы Борбордук Азия мамлекеттеринин байлыгы.

Эксперттердин айтымында, учурда өлкөдөгү 8 миңден ашуун мөңгүнүн 2 миңге чукулу эрип кеткен. Жыйырма жылдан кийин Кыргызстандын мөңгүлөрү 35% чейин кыскарышы мүмкүн деген илимий божомол да бар. Коңшу мамлекеттер миңдеген гектар жерлерди иштетип, сууну эл аралык нормага ылайык колдонбогондуктан Арал деңизи кургап кеткен. Анын жээгинен туз менен көтөрүлгөн чаңдар мөңгүлөргө таасир этүүдө. Кийинки учурларда токойлордун кыйылып жатканы да мөңгүлөрдүн эришине алып келүүдө. Себеби бир гектар токой жыл ичинде 50 тонна чаңды жутуп, өзүнө сиңирип алат. Ал эми жутулбаган чаңдар бийиктикке көтөрүлүп, шамал аркылуу мөңгүлөргө жетет. Ошондой эле үйлөрдөн, унаалардан чыккан түтүндөр, ошондой эле тоо-кен иштери да мөңгүлөрдү зыянга учуратат.

Окумуштуулардын илимий божомолдорунун эсеби боюнча, бүгүнкү күнү дүйнө жүзүндө аба ырайы 0,6 градуска, ал эми Кыргызстанда 1,6 градуска көтөрүлгөн. Дүйнөлүк океандын деңгээли 20 см көтөрүлүшүнөн ар бир 2 мүнөт сайын Англиядан жарандардын көчүп кетип жаткандыгы маалым болгон. Ошол эле учурда суунун деңгээли 50 см көтөрүлсө, көптөгөн мамлекеттердин суу астында калуу коркунучу бар.

2025-жылы жылуулануунун чеги 3 градуска жетсе, суунун деңгээли 37 метрге жетип, кургакчылыктын көп аянты суунун астында эле калбастан, муз каптоо коркунучу бар экендигин окмуштуулар божомолдошууда.

Бүгүнкү күнү 1 млрд. дан ашык жарандар иче турган таза сууга муктаж болсо, анын саны жакынкы убакта 3-4 млрд. га жетери белгилүү болгон. Эң таза суулар болуп мөңгүнүн суусу саналат. Ал эми жер астындагы суулардын басымдуу бөлүгү жер семирткичтердин айынан уулуу агымга айланып калгандыгы маалым.

**Текст боюнча тапшырмаларды аткаргыла. Туура жообун тегеректеп белгилегиле.**

№1. «Мөңгү - адамзаттын жашоо булагы» деген ойдун маанисин түшүндүрүп жазгыла.
**Жообу:**

___

№2. Текстте кандай божомолдоолор бар? Тизмектеп жазгыла.

___

___

№3. Климатты изилдеген окумуштууларды эмне тынчсыздантат?

А) аянттарынын санынын кыскарышы
Б) жалпы климаттын жылышы
В) тамчылатып сугаруунун колдонулбаганы
Г) Кыргызстандагы токойлор

№4. Кыргызстанда мөңгүлөр эмне себептерден улам эрий турганы баяндалган? 3 себебин жазгыла.
**Жообу:**

___

___

№5. Текстте кайсы көйгөй тууралуу баяндалган?

А) Англиядан жарандардын көчүп кетип жаткандыгы
Б) жаратылышка жоопкерчиликсиз мамиле кылуу
В) экологиянын бузулуусунун ден соолукка таасири
Г) жер семирткичтерди эсепсиз көп пайдалануу